| | | |
|---|---|---|
| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>НАРЫН ОБЛУСУ<br>ЖУМГАЛ РАЙОНУ<br>ЖАНЫ-АРЫК АЙЫЛДЫК<br>КЕНЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ЖУМГАЛЬСКИЙ РАЙОН<br>ЖАНЫ-АРЫКСКИЙ АЙЫЛНЫЙ<br>КЕНЕШ |

**Жаны-Арык айылдык Кенешинин XXVIII-чакырылышынын**
**IV-кезексиз сессиясынын**
**Токтому №9/2**

Жаны-Арык айылы 2022-жылдын 28-апрели

**Жаны-Арык айыл аймагынын Курман-Ата көчөсүндөгү мурдагы суу түтүктөрүн иштетүүчү насостун жанына курулган кароолчунун үйүн (талкаланган тонолгон) жана айланасындагы 1000 кв.м жер аянтын Жаны-Арык айылынын тургуну М.Исаковдун жеке менчигине берүү жөнүндө**

«Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 34-беренесин жетекчиликке алып, Жаны-Арык айыл өкмөтүнүн 16.02.2009-жылдагы Жаны-Арык айылынын тургуну Исаков Маратка берилген мурдагы суу түтүктөрүн иштетүүчү насостун жанындагы кароолчунун үйүн (талкаланган тонолгон) жеке менчигине берүү жөнүндө №17 чечимин карап, айылдык кенештин депутаттарынын билдирүүлөрүн угуп жана талкуулап, Жаны-Арык айылдык Кенеши, **токтом кылат:**

1. Жаны-Арык айыл аймагынын Курман-Ата көчөсүндөгү 4-03-03-1001-1276 бирдейлешкен кодунда жайгашкан, мурдагы суу түтүктөрүн иштетүүчү насостун жанына курулган кароолчунун үйүн (талкаланган тонолгон) жана айланасындагы 1000 кв.м жер аянты менен чогу айыл өкмөтүнүн балансасынан чыгышталып, Жаны-Арык айылынын тургуну Исаков Мараттын жеке менчигине бөлүнүп берилсин;

2. Бул үйдүн балансалык баасы 10000 (он миң) сом болгондуктан, балансалык баасын төлөө жагы Исаков Маратка милдеттендирилсин;

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Жаны-Арык айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Карымшаковго тапшырылсын.

**Төрайым:** **М.Акматалиева**